«Бекитемин»
Таширов атындагы өндүрүштүк
үрөөнчүлүк кооперативи
Жетекчиси: Жоошбеков Зарипбек Сүйүнович
______________________
«__13__» ______________ 202__-ж.

# АКТ

**илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыгын иш жүзүнө ашыруу жөнүндө**

1. **Автору:** Шатманова Айжамал Суйналиевна.

2. Илимий-изилдөө ишинин аталышы: "Айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун мисалында)" аттуу темадагы экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертация.

3. **Кыскача аннотация** Илимий-изилдөөнүн максаты болуп экономикалык алакалашуу шарттарында региондун айыл-чарбасынын продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууну өркүндөтүүнүн экономикалык шарттарын изилдөө, аны башкарууну жөнгө салуунун жана келечектүү багыттарын аныктоонун негизинде теориялык-методологиялык жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу эсептелет. Атаандаштык жөндөмдүүлүк рынокко багытталып даярдалган продукциянын сапаты, аларды керектоонун шарттары жана натыйжалары, товарлардын баалары, суроо-талаптын жана сунуштун колому сыяктуу кубулуштарды камтыган татаал экономикалык категория.

Изилдөөнүн жыйынтыгында айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн экономикалык мазмунуна жана маанисине тактоо киргизилди; аймактын айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу тутумундагы интегралдык түзүмдүн ролу аныкталды; айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоонун методикасы иштелип чыкты жана ага таасир этүүчү сырткы жана ички факторлор сунушталды; эт жана эт продукцияларынын мисалында айыл чарба продукцияларын өндүрүү, кайра иштетүү жана сатууну анализдөө жана баалоо аркылуу атаандаштыкты жогорулатуунун резервдери аныкталды; аймактын айыл чарба продукцияларын өндүрүүчү чарбалык субъектилердин атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун уюштуруу-экономикалык механизмин иштелип чыкты; айыл чарба продукцияларын өндүрүү, кайра иштетүү жана сатууну интеграциялоо жана атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатуу учун айыл-чарба кооперациясынын модели сунушталды; аймактын айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалары үчүн атаандаштык жөндөмдүүлүктү башкаруу тутумун иштелип чыкты.

Изилдөө натыйжалары Ош облусунда жана башка аймактарда айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууну өнүктүрүүнүн приоритеттүү багыттарын аныктап, талдоодо колдонууну кенейтет.

**4. Иш жүзүнө ашыруунун натыйжасы.** Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуу боюнча иш аракеттерди жүргүзүү менен алардын экономикалык натыйжалуулугун жана атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча Шатманова Айжамал Суйналиевнанын кандидаттык диссертациясынан алынган илимий жыйынтыктар колдонулуп, төмөнкүлөр иш жүзүнө ашкандыгын күбөлөндүрөбүз:

1) Таширов атындагы өндүрүштүк үрөөнчүлүк кооперативинин ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу жана жогорку атаандаштык жөндөмдүүлүктү камсыз кылууга шарт түзүү үчүн уюштуруу-экономикалык механизми иштелип чыкты;

2) Таширов атындагы өндүрүштүк үрөөнчүлүк кооперативинин ишмердүүлүгү үчүн керектүү материалдык ресурстар менен жабдуучулар, өндүрүштү камсыз кылган фермерлер, кайра иштетүү жана сатуу менен байланышкан тараптар менен интеграциялык байланышты - кластерди калыптандыруу жана колдонуу жолдору иштелип чыкты;

3) Таширов атындагы өндүрүштүк үрөөнчүлүк кооперативинин чарбалык ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун эсептеп чыгып экономикалык анализ жүргүзүү колго алынды;

**5. Иш жүзүнө ашыруунун орду жана убактысы.** Ош областы, Кара-Суу району, Савай айыл аймагы, Курбан-Кара айылы, Таширов атындагы өндүрүштүк үрөөнчүлүк кооперативи, 2024-жж.

**6. Иш жүзүнө ашыруунун формасы.** Изилдөөнүн жыйынтыктарын колдонуу Таширов атындагы өндүрүштүк үрөөнчүлүк кооперативинин стратегиялык жана өндүрүштүк пландарынын түзүлүшүнө, бухгалтердик ички эсеп-кысапты башкаруучулардын талабына ылайык жүргүзүлүшүнө, инвестициялык - инновациялык ишмердүүлүктөн алынган натыйжаларды так эсептеп анализдөөгө мүмкүндүк берди.

**Таширов атындагы өндүрүштүк үрөөнчүлүк кооперативинин башкы бухгалтери** **Юлдашев Б.К.**